**УДК – 821.512.154**

**Супаева Аида Акунбековна**
Ж.Баласагын атындагы КУУ,
Кыргыз филология факультети
кыргыз адабияты кафедрасынын
2- курстун магистранты, Бишкек ш.

**Супаева Аида Акунбековна**
КНУ им.Ж.Баласагына
Кафедра Кыргызской филологии

**Supaeva Aida Akunbekovna**
Kyrgyz National University named after J.Balasagyn,
Faculty of Kyrgyz Philology,
Department of Literature,
Master of 2 courses Bishkek asupaeva@bk.ru

# МАНАС БААТЫРДЫН ТӨРӨЛҮШҮ ВАРИАНТТАРДА СҮРӨТТӨЛҮШҮ
## (Ш.Рысмендеев, С.Орозбаков, С.Каралаев, Ж.Мамайдын варианттары боюнча)

# ОПИСАНИЕ РОЖДЕНИЯ МАНАС БААТЫРА В ВАРИАНТАХ
## (по вариантам Ш. Рысмендеева, С.Орозбакова, С. Каралаева, Ж. Мамая)

# THE DESCRIPTION OF THE BIRTH OF MANAS BAATYR IN VARIANTS
## (in the variants of Sh. Rysmendeev, S. Orozbakov, S. Karalaev, J. Mamai).

***Аннотация:*** *макалада манасчы Шапак Рысмендеевдин вариантындагы баатырдын төрөлүшүнүн сүрөттөлүшүндөгү өзгөчөлүгүнө токтолуу менен негизги варианттар аркылуу салыштырылып, кыскача анализ жүргүзүлөт.*
***Негизги сөздөр:*** *баатырдын төрөлүшү, Умай эне, кула кулун, касиеттүү белги*

***Аннотация:*** *в этой статье проводится сравнение с основными вариантами вариантам сказителя Шапака Рысмендеева, делая акцент на его особенности описания рождения (Манас) баатыра и проводится краткий анализ.*
***Ключевые слова:*** *рождение баатыр, Умай эне, саврасый жеребец, благодатный знак*

***Abstract:*** *A comparison witn tne main variants of the narrator Shapak Rysmendeev is made in this article, emphasizing his features of the description of the birth of Manas Baatyr and a short analysis is carried out.*
***Key words:*** *birth of Baatyr, Umai ene, stallion, blessed sign.*

Кыргыз адабиятынын туу чокусу болгон “Манас” эпосу канчалык көп варианттуу чыгарма болгондугуна карабастан, бардык манасчылар эпостогу салттуу сюжетти айткан варианттарында сактап келишет. Кыргыз элинин тарыхына көз чаптырсак, окумуштуулар Мухтар Ауэзов, Александр Натанович Бернштам, Виктор Максимович Жирмунский, Раиса Заитовна Кыдырбаевалардын ж.б. пикирлери боюнча тарыхый окуяларга бай, байыркы элдерден экендигине ынанабыз.[1]Ошол себептен эпостун жаралуу, калыптануу жолу да катмарланган карт тарыхтан кабар берет. “Манас” эпосунун салттуу сюжеттик өзөгү, албетте элдик баатыр Манастын образынын тегерегинде жүрөт, аны менен тыгыз

байланышта болуп, анын эпикалык өмүржолу акырындап түзүлүп отурат. Бул тууралуу өз учурунда академик Виктор Максимович Жирмунский: “Основная композиционная особенность киргизской эпопеи,по сравнению с национальными эпическими циклами большинства других народов, заключается в последовательном проведении принципа гениалогической циклизации эпических сказаний вокруг центральной фигуры эпического монарха, являющего в то же время первым богатырем своего народа, воплощением его героического самознания”-деп туура баамдаган.[2.133-б.] Ооба, академик Виктор Максимович Жирмунский белгилеп өткөндөй, “Манас” эпосу Манастын ата-бабалары, анын төрөлүшү, эрезеге жетиши, алгачкы эрдиктери, хан шайланышы, үйлөнүшү, терс душмандар менен согушу, акырындап чачылган элди бириктирип эл-журт, Ата-Мекен курушу менен башталгандан кайра анын аянычтуу өлүмү менен аяктаса, кийин анын жоокердик сапаттарын уулу Семетей, небереси Сейтек жана урпактары (айрым варианттарда) улантат. Демек, эпос циклдешип, өнүгүп отуруп, классикалык үлгүдөгү көлөмдүү эпикалык чыгарманын жаралганы баарыбызга белгилүү. Элдик баатырдын кереметтүү бойго бүтүшү,төрөлүшү,балалык чагы, үйлөнүшү,эли-жерин коргоо, адилеттик, көз карандысыздык үчүн болгон согуштары, Көкөтөйдүн ашы,Чоң казат бардык варианттардагы негизги өзөк окуялар болуп саналат.“Баатырдын төрөлүшүнүн өзүн баяндоо эпостогу каармандын образын түзүүгө багытталган биринчи кадам”,- деп окумуштуу Райкул Сарыпбеков[3-34.]белгилегендей: “Баатырдын төрөлүш мотивин манасчылар Сагынбай Орозбаков, Саякбай Каралаев, Шапак Рысмендеев, Жүсүп Мамайлардын варианттарын салыштыруу менен ар бир манасчыга тийиштүү көркөм поэтикалык өзгөчөлөктөрүн ачып берүүгө аракеттенип көрдүк. Алгач, алдын ала айта кетүүчү нерсе, бул жерде манасчылардын варианттарын салыштыруу менен алардын чыгармачылык деңгээлин бири-бирине карамакаршы коюудан таптакыр алыспыз, бул жерде алардын айткан варианттарындагы көркөм деталдык айырмачылыктарын гана берүүгө аракеттендик. Бул мотив бардык манасчыларга таандык мүнөздүү болгон көрүнүш баласыздык жана балалуу болууга болгон ата-эненин ой-тилегинин түш аркылуу берилиши менен баштал.

Дүйнө элдеринин оозеки чыгармачылыгынын эпикалык үлгүлөрүндө негизги оң каармандын жарык дүйнөгө келиши кандайдыр бир кыйың кезеңге туш келет да ага каармандын келечекте аткаруучу негизги миссиясы тикеден-тике байланыштуу болорун жана ошол бала төрөлгөнгө чейинки элдин башынан өткөргөн оор жаманчылыктарынан дайыма ошончолук деңгээлде жакшылыктын болоорун, акыры ошол каармандын жарык дүйнөгө келиши менен чабылып чачылган элди калыбына келтирет деп манасизилдөөчү Райкул Сарыпбеков өз эмгегинде баса белгилеп кеткен.[3-34.]. Ырас,чындыгында “Манас баатырдын төрөлүшү”аттуу эпизоддук бөлүмдү иликтөөгө алып жаткан манасчы Шапак Рысмендеевдин жана негизги деп эсептелинген бардык варианттарында кыргыз элинин башына өтө оор кыйынчылык түшүп, эпикалык душмандар тарабынан ата-баба конушунан сүрүлүп,чабылып-чачылып турганда төрөлөт эмеспи. Ооба,чындыгында “Манас” эпосуна таандык бул салттык мотив изилдөөгө алынып жаткан манасчы Шапак Рысмендеевдин вариантында Манастын төрөлүшү**,** Умай эненин келиши,шапалактап куйрукка курсакта жаткан баланы урушу, аны менен сүйлөшүүсү эпосто мындайча баяндалат:

Умай эне келгени,
Шапалактап куйрукка,
Чапкылап эми киргени.
Анда бала кеп айтат:
“Сен айдаган жалган жай,
Барбаймын анда”- деп айтат
Кайтарып умай эне кеп айтат:
“Ырыскың жалган жайда- деп,
Тар курсакка тыгылып,
Таппайсың мында пайда- деп,
Ырыскың чөптөн көп болот,
Сен барчу ошол жалган жай,
Ар кылган ишиң төп болот!” (Ш.Р. «Манас».-Бишкек,2013.-22-б.].

Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында жана

кыргыз элинин жашоо-турмушунда ымыркай үчүн Умай эненин да аткарган кызматы чоң экендиги жана ал жөнүндө да ушул убакка чейин айтылып келген макалдар, колдонулуп жүргөн ырым-жырымдар (алсак жаңы төрөлгөн наристенин денесиндеги көк ала тактын болушу) жада калса ал тууралуу уламыштардын азыр да турмушубузда кеңири колдонулуп жатканы талашсыз жана буга баардыгыбыз күбөбүз. Буга мисал катары баланы бешикке салуудагы ырым-жырымдар же бала сыркоолоп калганда (менин колум эмес,Умай эненин колу.д.у.с.) колдоно турган ырым-жырымдар. Ошондой эле Умай эне тууралуу тектеш түрк тилдериндеги элдердин оозеки адабиятында да колдонулуп келгени маалым. Ал тууралуу “Манас” энциклопедиясында: Умай эне — балдардын ден соолугун сактаган мифтик эне. Умай эне Манас төрөлгөндө жардам берет:

Умай эне — бериште
Урду келип баланы.
Урганына чыдабай
Ужутту көздөй барганы
«Ак амири, чык — деди,
Айтканымды ук» — деди,
Анда бала муну айтат:
«Ыгы менен айда — деп, —
Ырызгым менин кайда?» — деп.
Уруп кирди Умайың,
Ур деген улук кудайым.(«Манас», М., 1984, 1. 45—46).

Умай эне Борбор Азияда жаралган, Азыркы Түштүк Сибирдеги Саян-Алтайдагы түрк жана моңгол тилинде сүйлөгөн элдердин диний түшүнүктөрүндө бүгүнкү күнгө чейин сакталып түндүктө якуттарга (сахаларга) чейин белгилүү. Орто Азияда Умай мусулман дининин элементтери менен аралашып кеткен. Умай энеVII — XIII кылымдарда түрк рунн жазуу эстеликтеринде теңир, жер-суу менен катарлаш кудай катары аталган. Умай эне байыркы түрк тарыхында зор роль ойногон. Байыркы түрк тилинде Умай деп курсактагы бала жаткан жайды, жатынды айтышса, тибет тилинде «ума» деп энени айтышат. Кыскасын айтканда, Умай эне бул элдерде жаш балдарды коргоочу ыйык эне. Кыргыздарда Умай эне байыркыдан бери келе жаткан түшүнүк жана алардын оймо-чийме өнөрүндөгү «Умай» аттуу кештенин бизге келип жеткени. Мына ушундан улам байыркы түрктөр менен азыркы кыргыз эпосунун тыгыз байланышта болгонун да билүүгө болот. Умай эненин образы «Манас» эпосуна кыргыздардын исламга чейинки Борбор Азияда турган мезгилиндеги диний түшүнүктөрдүн негизинде кирген. Анткени Умай эне жөнүндөгү маалымат жалаң гана «Манаста» эмес, фольклордун башка жанрларында да кезиктирүүгө болот.[4.440-б]Шапак Рысмендеевдин эпоско мындай Умай эне тууралуу көз караштарын берүүсүн анын вариантынын башкалардан орошон айырмаланып,өзүнүн спецификалык бөтөнчөлүктөрүн жарата алган, эпостун мазмунун байыткан, көркөмдүгүн арттырган көрүнүш катары баалоого болот.Ошол эле учурда манасчы эпостун салттык туруктуу сюжетине жаңы катмарды киргизүү менен, эпостун негизги салттык сюжетин сактаган. Бул туурасында эпостогу көркөм сөз каражаттарын терең анализдеген окумуштуу Сапарбек Бегалиев: “Диалог түрүндөгү баяндоо окуяга жаңы белги киргизип, анын өнүгүшүн жандандырат. Угуучулар тарабынан бөтөнчө көңүл бурулуп кабыл алынат. Диалог түрүндөгү баяндоо эпостун көркөм формасын байыткан маанилүү каражат катары кызмат кылат. Ал жеке гана окуянын кызыктуу болушун эмес, угуучулардын сезимине бөтөнчө бир эмоционалдык таасир калтырат”,-[5.30-б.].деп белгилеген. Ырас,чындыгында окумуштуу белгилегендей Шапак Рысмендеевдин вариантындагы Умай эне менен курсакта жаткан баланын диалогу окумуштуунун бул айткандарына далил боло алат. Ошону менен катар эле “Манас” эпосунда болочок баатырдын “касиеттүү” белгилер менен төрөлүшү жана анын мине турган аты кула кулундун туулушу да салттык-сюжеттик мотив болуп эсептелинет. Залкар манасчы Саякбай Каралаевдин вариантында Чыйырды толготуп жаткан кезинде Жакыптын чыдабай айылдан сырткары кетип калып, чырм этип көзү илинип кетип,түшүндө жылаңайлак, жылаң баш ак сакалчан дубана кирет. Уулду болосуң, уулуңдун атын Манас кой, жети жашка келгенде канзаададан бата алат,он экиге келгенде зайыппуруш аталат,кан ичип жүрүп катыгат,бет

алганды мерт кылат,кара көк жал шер болот. Кара калпак,манжуу үчүн “Чоң жинди” деп кой. Колдогону -Кожосан,жөлөгөнү Кырк чилтен. Кула бээң тулпар тууйт, казатка минер ат болот,астындагы миңгени батырак өлөр өмүрү аз. Он экиге келгенде эрешен тартып эр болот, ага чейин уулуңдун атын Манас дебе,мындан жети жыл мурун Какандын даңазасына чийилген дейт.

Манасыңды тууганда
Таманы менен тик түштү.
Оң колуна кара кан,
Кармай түштү кан Манас.
Көргөндүн көөнү бөлүндү,
Арт жагынан балаңдын ,
Кара көк жалы көрүндү [С.К. «Манас».-Фрунзе, 1984, -1-том. -54-б.]

Аталган салттык сюжеттик мотив Сагымбай Орозбаковдо, Саякбай Каралаевде,Шапак Рысмендеевде ар бир манасчынын индивидуалдык манасчылык өнөрүнө ылайык сүрөттөлгөн. Маселен,С.Каралаевде Манас баатырдын төрөлүшүндө анын өзгөчө бөлгилеринин бири

“Арт жагынан балаңдын,
Кара –көк жалы көрүндү”
(С.Каралаев. “Манас” Ф.1984.1-т.-54-б.)

деген саптарындагы “кара-көк жалы” деген фразеологиялык сөз айкашы ажыдаар, эр жүрөк кайраттуу,эч нерседен тартынбаган баатыр катары төрөлөрүн метонимия формасына салып сүрөттөсө, буга салыштырмалуу Шапак Рысмендеевде бала жерге түшкөндө эл анын баркырап ыйлаган үнүнөн жаш-кары дебей баардыгы чочулаганы, керек болсо дыркырап качканы сүрөттөлөт.

Чыканак жерге жетиптир,
Карыш сөөм,эки эли,
Жерди оюп кетиптир.
Сол колуна толтура,
Кара канды чеңгелдеп,
Оң колуна кара таш,
Уштап алып түшүптүр. (.Ш.Р.”Манас” 2013-ж.22-б)

Ушул эле учурду Сагынбай Орозбаков мындай сүрөттөйт:

Карынды катуу сүзгөнү,
Эки колун толтура
Кан чеңгелдеп түшкөнү. (С.О.“Манас” I.59-б)

Орогону жатса, колу-бутун тартып алса, отуздагы жигиттей, көтөрөйүн десе он бештеги баланын салмагындай деген сүрөттөлөр менен жаңы төрөлгөн наристенин тегин эмес, келечекте эл жерин душмандардан коргой алган баатыр болот деп ишенимдүү түрдө кабар беришет. Бул сүрөттөөлөргө салыштырмалуу Жүсүп Мамай баатырдын төрөлүшүн өзгөчө бир көк тулум менен төрөлүп, оң алаканынын бөлтөгүндө “Манас” деген жазуунун болушун баяндаган:

Ачып колун карады,
Оң колунан бөлтөктөн,
“Манас” атын таап алды (Ж.М. “Манас” Б.2014.-34-б). деген ыр саптары менен берген.

Бул туурасында окумуштуу Ө.Жакишевдин “Манас” үчилтиги жөнүндө” деген эмгегинде Радлов жазып кеткен вариантка токтолуу менен бирге эки башка маалыматты берет. Биринде, Манас баатыр Алтайда эмес, Алма-Ата шаарынын үстүндөгү Чуңкур –Уя деген жерде төрөлөт. Жакыптын атасы Каракан деп берилсе:

Каракандын баласы,
Кайраттуу тууган Жакып кан.
Чуңкур –Уя үстүндө,
Алма-Атанын башында.
Жердеп жаткан Жакып кан,
Кечээ Айдаркандын кызы (кызы Чыргы)
Алган экен Жакып кан [6.18]

Экинчисинде, Алма-Атадагы Чаар-Таш деген жерде туулган деп көрсөтөт. [6.121.]Буга салыштырмалуу манасчы Мамбет Чокморовдун варианты боюнча Манастын түпкү атасы Асан кайгы делет, Жакып Алтайга эмес, Арстанбапка сүрүлөт. Манас баатыр Арсланбапта

төрөлүп, анын ичтен капкалуу түшүп, кайыптын добушу менен ал капканы жарып чыгат деген маалыматын берет.[7.12]

Демек,салыштырылган бардык варианттарда манасчылар жаңы төрөлгөн баланын келечекте баатыр болоорун ишеним менен сүрөттөй алышкан. Варианттардагы жогоруда белгиленгендей баланын төрөлүшүн коштогон мотивдер салттуу нуктан чыкпастан, тескерисинче манасчылардын чыгармачылыгына жараша эпоско көркөмдүк жактан кошкон салымы десек болот. Болочок баатыр төрөлөрү менен эле чоң кишидей ал-күчкө, акыл-эске ээ болушу д.у.с. мотивдер-аны идеализациялоонун бир жолу. Ошондуктан бул мотив дүйнөлүк эпостордо эң кеңири тараган деген ойду окумуштуу Райкул Сарыпбековдун эмгегинен да байкоого болот.[3-86.] Жалпы дүйнөлүк эпостордогудай негизги каарман болочок баатырдын элдин душмандардын эзүүсүндө кыйналып турган кезинде төрөлүшү салттуу мотивдерден экендигин академик Виктор Максимович Жирмунскийдин батыш элдеринин эпикалык чыгармаларынын мисалдарында көрсөткөндүгүн, өз кезегинде окумуштуу Райкул Сарыпбеков да өзүнүн илимий изилдөөсүндө туура белгилеп кеткен.[3-36] Жыйынтыктап айтканда, манасчы Шапак Рысмендеевдин эпосту схемалык планда айтканы болбосо, вариантындагы “Баатырдын төрөлүшү” эпизодундагы өзгөчөлүк Умай эне менен наристенин сүйлөшүүсү сыяктуу жаңы белгинин киргизилгенине карабастан бардык варианттардай эле туруктуу салттык мотивдер бузулбастан, эпостун өзөк окуялары сакталгандыгы байкалып турат.

**Адабияттар:**


1.Ауэзов М.О. О времени возникновения эпоса “Манас”. Энциклопедич. Феномен эпоса “Манас”.Б.: Гл ред. КЭ,1995

2. Бернштам.А.Н. Эпоха возникновения киргизского эпоса “Манас” Энциклопедич. Феномен эпоса “Манас” .-Б.:Гл ред. КЭ,1995

3. Кыдырбаева Р.З. Генезис эпоса ”Манас” Ф.,1980.

4. Жирмунский В.М. Народный героический эпос.-М-Л.,1962.(133-б.)

5.Сарыпбеков Р. “Манас” эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы Ф.1987.4.“Манас” энциклопедиясы/Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, - 1995. 1-т. - 440.

6. Бегалиев С. “Манас” эпосунун көркөм каражатары. Ф.1989.30-б.

7. Жакишев Ө.”Манас” үчилтиги жөнүндө”. Б.2013.18,121-б.